DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Какиева Г.*

# БАЛДАР БАКЧАСЫНДАГЫ БАЛДАРГА ОЮН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ АРКЫЛУУ ТААЛИМ ЖАНА ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН МААНИСИ

*Какиева Г.*

# ЗНАЧЕНИЕ ВОСПИТАНИЯ И ОБУЧЕНИЯ ДЕТЕЙ В ДЕТСКОМ САДУ ПОСРЕДСТВОМ ИГРОВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

*G. Kakieva*

# THE IMPORTANCE OF EDUCATING AND EDUCATING CHILDREN IN KINDERGARTEN THROUGH PLAY ACTIVITIES

*УДК: 372.*

*Макалада мектепке чейинки балдардын оюн ишмердүүлүгүнө аныктамалар берилген. Оюндун билимдин жашоосунун канчалык деңгээлде маанилүү экендиги көрүнүктүү педагогдордун сөздөрүндө айтылган. Мектепке чейинки балдардын инсан болуп калыптануусунда оюн иш аракеттери өзгөчө орунду ээлегендиги баса көрсөтүлгөн. Балдарды эмгекке, эстетикалык, нравалык, дене, оюн, жактан комплекстүү тарбиялоодо оюн маанилүү экендиги белгилеген. Ошондой эле окутуу процессинде оюндун орду, оюндардын түрлөрү боюнча түшүндүрмөлөр берилген. Ар кандай оюндарды ойноо менен балдарда масатка жетүүгө туура багыт алуу сыяктуу инсандык касиеттерге тарбияланары жана балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша оюндардын түрлөрү берилген. Балдардын ден соолугуна кам көрүү оюндардын негизинде калыптанаары көрсөтүлгөн. Оюндун жардамы аркылуу балдар бири-бири менен тил табышууга, чечим кабыл алууга, белгилүү эрежелерди тартиптерди сактоого, өзүн башкара билүүгө, кызматташууга, башкалардын оюу менен эсептешүүгө, алардын каалоо талабын эске алууга жана сыйлоого ошондой эле бир нерсени кунт коюп жасоого жана баштаган ишин аягына чыгаруу баалуулуктары баяндалды.*

***Негизги сөздөр:*** *бала, оюн, ишмердүүлүк, тарбиялоо, өнүктүрүү, ден соолук, спорт, оюндардын түрлөрү, элдик оюндар, окутуу процесси.*

*В этой статье дано определение игровой деятельности детей дошкольного возраста. Из высказываний выдающихся педагогов можно посмотреть, насколько важна игра детей в их жизни и в всестороеннем развитии личности. В содержание статьи особенно подчеркнуто значение игр в умственном, физическом, нравственном и эстетическом воспитании детей дошкольного возроста. А также место игры в процессе обучения, виды разнобразных игр, их определение в статье отражены. Играя в различные игры, детей учат чертам характера, таким как правильное направление для достижения целей, а типы игр подбираются в соответствии с возрастом детей. Доказано, что здоровье детей основано на играх. С помощью игр дети могут найти общий язык с друг-другом, самостоятельно принимать решение, соблюдать определенные правила и положения, быть самоуправляемыми, уметь сотрудничать и учитывать мнения других, учитывать и уважать их требования и желания, а также описывается как дети очень внимательно относятся к каждой детали и как они умеют завершить начатое.*

***Ключевые слова:*** *ребенок, игра, деятельность, воспитание, развитие, здоровье, спорт, виды игр, народные игры, процесс обучения.*

*This article provides a definition of the play activity of preschool children. From the statements of outstandingteachers, one can see how important the games of children are in their lives and in the comprehensive development of the personality. The content of the article especially of gamesin the mental, physical, moral and aesthetic education of preschool children.And also the place of the game in the learning process, the types of various games, their definition in the article are reflected. By playing different games, children are taught character traits such as the right direction to achieve goals, and the types of games are selected according to the age of the children. Children's health has been proven to be based on play. With the help of games, children can find a common language with each other, make decisions on their own, observe certain rules and regulations, be self-governing, be able to cooperate and take into account the opinions of others, take into account and respect the their requirements and desires, and it is also described how children are very attentive to every detail and how they can complete what they started.*

***Key words****: child, game, activity, education, development, health, sports, types of games, folk games, learning process.*

**Теманын актуалдуулугу.** Мамлекетибиз келечек ээлерин – жаш муундарды тарбиялоого айрыкча чоң маани берип жана ар дайым камкордук көрүү милдет болуп эсептелет. Бул мезгилге чейин оюндарды балдардын кичинесинен баштоо керек деген көз караштар жана баланы 7 жашка чейин оюн аркылуу туура тарбиялоо деген, анын кийинки өсүп өнүгүүсү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



нүн фундаменти болорун илимий изилдөөлөр тастыктады. Анткени өмүрдүн бул учурунда баланын алгачкы түшүнүгү, сезими тунук болуп, чөйрөнү кабылдоосу жаңыдан гана түзүлө баштагандыгы, мектепке окууга барууга даярдоочу эң маанилүүэтап боло тургандыгы ата-энелерге да педагогдорго да маалым. Бүгүнкү күндө келечек муунду тарбиялоодо балдар бакчасындагы кичинекей данектерибизден бак же жагымдуу гүл өсүп чыгуусу үчүн биздин кандай шарттарды түзгөндүгүбүзгө байланыштуу болмокчу.

**Изилдөөнүн деңгээли.** Педагог жана психологдор жада калса философ, биолог, этнографтар дагы өздөрүнүн аспектилери боюнча оюн ишмердүүлүгүн изилдешкен. Алардын пикири боюнча оюн ишмердүүлүгүн адамзаттын жашоосунан бөлүп кароого такыр болбой тургандыгын аныкташкан. Оюн-коомдун белгилүү бир этапта өнүгүшү боюнча курчап турган чөйрөдөгү адамдардын ишмердүүлүктөрүнөн көргөндөрүн оюнда чагылдырышат.

Балдардын оюну – бул тарыхый өнүгүүдө пайда болуучу балдардын ишмердүүлүктөрүнүн бир түрү, улуулардын аракеттерин жана өзара мамилелерин чагылдырууга, буюм жана социалдык чындыкты таанып билүүгө багытталган, балдардын дене-тарбиясы, анын адеп-ахлак тарбиясынын каражаттарынын бири. Баланын жекече өнүгүшүндө оюн чоң мааниге ээ. Оюн аркылуу баланын айлана-чөйрөгө болгон мамилеси, таанып билүүсү, акыл ишмердүүлүгү, эрктүүлүгү өрчүйт жана башка жалпы инсандык сапаттары калыптанат деп жыйынтык чыгарышат.

**Изилдөөнүн максаты:** Мектепке чейинки балдарды оюн аркылуу тарбиялоону алардын маңызын, мазмунун жана милдеттерин практикалык негизде үйрөнүү;

- Оюндун түрлөрүн өздөштүрүү менен аны практика жүзүндө пайдаланууга жетишүү;
- Бала бакчаларда оюндардын түрлөрү менен ойнотуу аркылуу таалим тарбия берүү;
- Илимий изилдөөчүлөрдүн ойлору жана көз караштарынын азыркы учурдагы маанисин, алардын бала бакчанын практикасында колдонулушун билүү максаты коюлду.

Мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүшүндө оюн алда канча маанилүү ролду ойнойт. Балдар бакчасында тарбияланган балдар менен үй-бүлөдө тарбияланган балдардын айырмасы абдан чоң. Балдар бакчасында оюн аркылуу ар кандай шарттарда билим берилгенде жана чөйрөнүн баладагы потенциялдык мүмкүнчүлүктөрдү эң мыкты деңгээлде өнүктүрө алгандыгында.Үйдө тарбияланган балдарга караганда, балдар бакчасында тарбияланган балдар алда канча айырмаланып жөндөмдүү, ар тараптан өнүккөн балдар тарбияланып чыгат.

**Г.В. Плеханов** орус философу оюндун келип чыгышын эмгек менен байланыштырган. Себеби оюн аркылуу адам (бала) эмгекчил болууга тарбияланат. Эмгектенүүнүн натыйжасында кубанычтуу сезим менен коштолгон салтанаттуу оюндар, бийлер, ырлар менен драмалык элементтер, көркөм сүрөт өнөрү чагылдырылат. Алгачкы коомдордо адам аңчылык, жер, согуш оюндарын ойношсо кийин коомдун өнүгүүсү менен театрлаштырылган көркөм драмалык искусствонун элементтери чагылдырылган оюндар, эрежелүү оюндар, дидактикалык оюндар, техникалык оюндар муундан-муунга өтүп келе жатат.

Заманбап педагогикалык теорияда каралгандай оюн мектеп жашына чейинки балдардын жетектөөчү ишмердүүлүгү.

**А.С. Макаренко:** “Жакшы оюн-жакшы ишке окшош. Оюндун бардыгында баарынан мурда жумушчу күчү менен акыл аракети, анда жоопкерчилик, чыгармачылык, ийгиликке жетүү максаты, маданий ишмердүүлүктөр да камтылат” - деп айткан. Демек ар бир оюндун эрежеси менен ойноо тартибин аткарууга өзүн-өзү анализдөөгө үйрөнүү керек. Оюн жана оюндук көнүгүүлөр окутуу процесси менен тарбия ишинде бекем орун алышы керек. Психологияда оюн баланын айлана-чөйрөдөгү адамдардын аракетинин, алардын өз ара мамилесин чагылдыруучу активдүү ишмердүүлүк катары каралат. Оюнда бала өзүнүн ички сезимин мамилелердин системасын чагылдырып өз ара макулдашууга бирин-бири түшүнө билүүгө үйрөнүп, эрк аракеттери калыптанат. Бала оюнда аракеттерди өздөштүрүүдө ар кандай заттар аркылуу көнүгөт, мунун натыйжасында анда белгилүү инсандык сапаттар үйрөтүлөт.

Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн улуулар атайы түзгөн же сюжеттик-ролдук бир муундан экинчи муунга калтырылган оюндар пайда болгон. Оюн аркылуу балдар улуулардын жардамы менен байкабастан керектуу билимге, көнүгүүлөргө ээ болот жана таанып билүү жөндөмдүүлүктөрү өнүгүп калат. Кийинки учурларда балдардын турмушунда интеллектуалдык жана спорт оюндары маанилүү орунду ээлеген [4].

Оюндар кенже курактан баштап балдарды элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл эстүүлүккө, баатырдыкка, чечкиндүүлүккө, эрктүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын кылымдан бери адатка айланган талабы болгон. Оюн аркылуу балдарды тарбиялоодо ата-эне, же болбосо коомчулук (баланы курчаган адамдар) балдарга эч

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



качан тыюу салбоо керек. Себеби оюндар балада жекече гана ойнолбостон балдар коллективинде да ойнолот. Балдар коллективинде ойнолгон оюндар көп таасир берет. Себеби балдар ар тараптуу болушат жана кандай гана оюн болбосун өздөрүнүн ой пикирлерин эркин айтышып, оюнду тосколдуксуз (эч кимдин жардамысыз) эркин, чыгармачылык менен ойношот. Балдарга эч качан оюн ойноодо тыюу салбай, тескерисинче аларга шарт түзүп берүү керек. Анткени ар бир баланын инсан болуп калыптанышында ага биринчи орунда чөйрөсү таасир берет.

Бала кандай чөйрөдө тарбияланса кийин ошо чөйрөдөгү адамдардын катарын толуктап калуусу толук ыктымал. Мына ошол себептен балдарды ар тараптуу өнүктүрүү үчүн, оюндарды көп колдонуу керек. Балдарды оюн аркылуу тарбиялоодогу биринчи маселе алардын курагына жараша акырындык менен оюндарды үйрөтүп, ошону менен бирге турмуштук көз караштарын байытуу.

Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо оюндун бир канча түрлөрүн колдонууга туура келет. Оюн балдарды эмгекке тарбиялайт. Оюнда бала көргөнүн жасайт, улууларды туурайт. Оюн менен бала айлана-чөйрөнү таанып билет, эмгектенүүгө үйрөнөт. Бала оюндан алган таасирлерин турмушунда же иш процессинде эмгектенүүдө колдонот.

Оюндар – бул балдар бакчасындагы балдарга таалим-тарбия берүүгө багытталган ийкемдүү оюндар. Бул оюндар балдардын сенсордук сезимдүүлүгүн, байкагычтыгын, көңүл буруусун, аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн, сүйлөө, айлана-чөйрөгө болгон элестетүүсүн өстүрөт. Бул оюндардын адеп-ахлактык жактан тарбиялоодогу мааниси да зор, анткени алар балдарга чыдамкайлыктын, өз алдынча иш алып баруу ишмердүүлүгүн, коллективизм сезиминин өсүүсүнө таасир берүү менен, өзүлөрүнүн жүрүш-туруш нормаларына ылайык алып жүрүү адаттарын калыптандырат. Ар бир бала чоң адамдардан кандай гана кыймыл-аракет көрсө ошол кыймылдарды аткарат. Сюжеттик-ролдук оюнда балдарда өз алдынчалуулук пайда болот жана чыгармачылыгы өсүп өнүгөт деп айтсак болот. Себеби сюжеттик-ролдук оюндун негизги белгиси балдардын өз алдынчалуулугу жанданып, кыймыл-аракеттери, аткаруучулук жөндөмдөрү көбөйөт. Оюндардын жогоруда айтылган артыкчылыктарын эске алсак, сабакта оюн убакытты бекер албастан, тескерисинче, окутуунун жемиштүү болушуна жардам берет.

Окумуштуу педагог **И.Б. Бекбоев:** "Оюнсуз эч кимге эч нерсе үйрөтө албайсың", анткени оюн окутууга инсандык мүнөз берет. Ошондуктан окуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу сезимталдуу эмес, супсак болот" деген [1].

Этнопедагог **А.Алимбеков:** "Оюн балдардын акылын, билимин, логикалык жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн ар тараптан өнүктүрүүчү касиети менен бардык дүйнө элдерин көп кылымдык тарбия практикасында саналган каражат катары активдүү колдонулуп келе жатат. Оюндун балдар үчүн дүйнөнү таанымын жана тарбиялык касиетин кыргыздар да байыртадан эле баамдашып, аны сандык жана сапаттык жактан байытып, өркүндөтүп келишкен. Кыргыз элдик оюндарынын көпчүлүгү балдардын дүйнөнү таанымын тажрыйбаларын, ойлоо маданиятын өстүрүүгө негизделген", - деп белгилейт [2].

Улуу чех педагогу **Я.А. Коменский** оюнду окуучунун ишмердүүлүгүндөгү табиятына жана кызыкчылыгына жооп берген зарыл форма катары эсептеген:

"Оюн – баланын бардык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүргөн олуттуу аң-сезим ишмердүүлүгү; оюнда курчап турган чөйрө жөнүндө түшүнүктөрү кеңейет жана байыйт, сөз байлыгы өнүгөт; биргелешкен оюндарда бала курдаштары менен жакындашат", - деп баса белгилеген [3].

Ал эми **К.Д. Ушинский** "Бала үчүн олуттуу ишти кызыктуу жасаш керек – бул окуутуунун баштапкы милдети" - десе, улуу педагог **В.А.Сухомлинский** бардык педагогдорду: "Балдар сулуулуктун оюндун, жомоктун сүрөтүн, фантазиясын, чыгармачылыктын дүйнөсүндө жашашы керек. Бул дүйнө балдарды биз качан жазууга жана окууга үйрөткүбүз келгенде да курчап турушу керек", - деп чакырат.

Сабак учурунда оюндарды жана оюн көнүгүүлөрдү колдонуу окуу процессин көңүлдүү, кызыктуу кылып, балдарда сергек, жумушчу маанайды түзүп, оку материалдырын окуп, түшүнүүдө жеңилдиктерди жана оң эмоцияны алып келет. Мугалимдер, тарбиячылар оюндарды балдарды эс алдырууда жана көңүлдөрүн ачууда негизги каражаткатары пайдаланат. Ошол эле учурда оюн пайдалуу акыл насааттарды айтууда да каражат боло алат. Оюн окутуп эле койбостон, аны өнүктүрүүгө да жардам берет. Байыртадан бери эле оюн адамдардын жашоосунун маанилүү бөлүгүн түзгөн, бош убакытты кызыктуу өткөрүүгө, тарбиялоого, баарлашууга болгон талапты камсыз кылууга, сырттан жаңы маалыматтарды алууга жардам берип, чоң өбөлгө түзгөн.

Педагогдор оюн баланын жан-дүйнөөсүн калыптандырууда жана акыл жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүшүнө жагымдуу таасир берет деп баса белгилешкен. Өнүгүп келе жаткан бала ойноп жатып жашоону аңдап биле баштайт. Окумуштуулар оюн ички кепти

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жана логиканы өстүрөт деп эсептешет. Анткени, бала көптөгөн мүмкүн болгон операциялардын ичинен өзүнүн ою боюнча туура, максаттуу деп эсептелген бирөөнү гана тандоого жана аткарууга туура келет. Балдардын акылынын өнүгүүсүнө таасир берүүменен оюн көнүгүүлөр пайдалуу ой жүгүртүүгө, эмоцияны колго алууга, атаандаштарынын жана партнёрлорунун жасаган кыймылдарына тездик менен жооп берүүгө түрткү берет. Оюн ишмердүүлүгүндө таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирүүнү, интерактивдүү чөйрөөнү түзүүнү жана коммуникативтик активдүүлүктү пайда кылуунун көбүрөөк камсыз кылган шарттар бөлүнүп каралат.

Дидактикалык оюн – бул өзгөчө ишмердүүдүүлүк, ал окууда билимди атайын, шарттуу жагдайда өздөштүрүүгө жардам берет. Дидактикалык оюн биргелешкен система катары каралып, түзүлүштүн сапатын аныктоочу анын ар бир элементи өзгөчө өзүнө гана тиешелүү болгон өзгөчөлүктөргө ээ. Баланын жана окуучунун инсандык сапатынын калыптанышына дидактикалык оюндар таасир берип, анын негизинде өнүгүүнүн жаңы, андан жогоруураак стадиясына өтүүгө даярдоочу психикалык жактан олуттуу өзгөрүүлөр боло баштайт. Бул аркылуу оюндун абдан чоң билим берүүчү жана тарбиялоочу мүмкүнчүлүктөрүн түшүндүрүүгө болот, мына ошондуктан педагогдор жана психологдор балдар бакчасындагы балдардын негизги ишмердүүлүгү катары эсептешкен.

Бүгүнкү күндөгү оюндарга талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыгында, биз бул проблемага өзүбүздүн мамилебизди сунуштап, балдар бакчасында дене тарбия жана ар бир сабактагы физминуталарда, эс алуу учурунда оюндарды колдонууга көңүл буруу өзгөчө маанилүү.

Балдарды тарбиялоодо оюндун бир нече түрлөрүн пайдалансак болот.

1. Улуттук оюндар.
2. Дидактикалык оюндар.
3. Театрлаштырылган оюндар.
4. Сюжеттик-ролдук оюндар.
5. Акыл оюндары.
6. Курулуш оюндары.
7. Басып жүрүүчү оюндар.
8. Секирип жүрүп ойнолуучу оюндар.
9. Кар үстү менен жана музда жылгаяк тээп жүрүп ойнолчу оюндар.
10. Аспаптарды атып, таштап,ыргытып жана чертип ойнолуучу оюндар.
11. Боортоктоп жылып, жармашып чыгып, тосколдуктардан өтүп ойнолчу оюндар.
12. Тең салмакты сактап ойнолчу оюндар.
13. Оордуктарды көтөрүп жана аны бир жерден экинчи жерге алып барып ойнолчу оюндар.
14. Сүзүп жана суу ичинде ойнолчу оюндар.
15. Аң уулоону туураган оюндар.
16. Сөз менен ойноо оюндары.
17. Эмгек оюндары.
18. Денени чыңдоочу оюндар.
19. Уруп жана тээп ойнолчу оюндар [5]

Балдардын акыл-эси менен кара күч жактан жөндөмдүүлүгүн билүүтарбиячыга булже тигил оюнду туура тандоого, балдардын мүмкүнчүлүгүнө жараша татаалданып же жөнөкөйлөштүрүлүп алууга жардам берет. Кыймылдуу оюндарда же дидактикалуу оюнда болсун ойноонун жобосун гана билбестен, оюнга коюлуучу талап-максатты ишке ашырууда билгичтик менен жетекчилик кылуу керек.Албетте мындай ишти алып барууда тарбиячы-мугалимдерге зор иш жүктөлөт. Анткени алар жалаң гана жетекчилик кылуу менен чектелбестен, оюндун эрежеси менен да терең тааныш болуу керек. Ошону менен бирге баланын мүнөзүндө баланын моралдык эрктин баалуу сапаттарын: кайраттуулукту, туруктуулукту, чынчылдыкты, бир-бирине жардамдашуу, коллективге баш ийүү, өзүнүн күчүнө ишенүү сезимин пайда кылууда оюндар тарбиялык эң жакшы курал болот.

Мындай деген: “Мектепке чейинки балдар үчүн оюн негизги ролду ойнойт. Алар үчүн оюн – окуу, оюн – эмгек, оюн – тарбиянын негизги формасы боло алат. Балдар оюн аркылуу айлана – чөйрөнү таанышт”.

Балдарды мектепке чейинки даярдоонун эң негизги маселелеринин бири алардын өз алдынча эмгектенүүсүн тарбиялоо болуп саналат. Ошондуктан оюн ойноо балдар үчүн зор мааниге ээ. Балдардын мектепке чейинки курагында окуу жана оюн бир- бири менен өз ара байланышта өтөт. Сабак учурунда үйрөнгөнүн бала оюн учурунда да колдонот. Демек, бул окуу материалды жакшы өздөштүрүүгө жардам берет.

Көрүнүктүү советтик педагог А.П. Усова адеп тарбиясынын каражаты катары кыймылдуу оюндарды жогору баалаган.

“Элдик кыймылдуу оюндар – коллективдүү оюндар” болуп саналат, бүткүл коллективдин алдында жоопкерчилик сезимине тарбиялайт. Ошону менен бирге бул оюндарда өз алдынчалыгы жокко чыгарылбайт. Баладагы ар түрдүү пайдалуу сезимди ойготот.

**Н.Чернышевский** жана **Н.Добролюбов** балдар оюндарындагы жасалмалуулуктун бардык түрүнө каршы болушкан. Алар элдик оюндарды балдар үчүн өзгөчө табигый жана кызыктуу деп эсептешкен. Орустун улуу демократтары зор тарбиялык баалуулукту

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



массалык улуттук майрамдардан, элдик оюндардан көрүшкөн. Элдик оюндарды алар орус элинин моралдык жана дене күчүнүн өнүгүү каражаты деп эсептешкен.

Орус педагогика илиминин көрүнүктүү өкүлү К.Ушинский тарбиялоонун каражаты катары оюнга чоң маани берген. Баланын оюнун К.Ушинский анын аракеттери жана ички толгонуулары, тынчсыздануулары менен болгон чыныгы дүйнөсү деп караган. “Бала үчүн бул дүйнө – дейт ал – аны курчап турган чындыкка караганда кызыктуу, себеби ал бала үчүн түшүнүктүү жана жеткилең”. Оюн бир тараптан караганда баланын өздүк жаратканы. Бала чыныгы дүйнөдөгү жашоого анын татаалдыгына байланыштуу кире албайт. Ал эми оюнда болсо бала чөйрө менен таанышат, өзүнүн күчүн дареметин байкайт жана буюмдарды өз алдынча таратат, жайгаштырат, бөлүштүрөт [6].

**К.Ушинский** балдар оюндарынын мазмунуна айлана-чөйрөнүн тийгизген таасирин белгилеп кеткен. Анын айтымында, балдарга оюнчук аянтчасына караганда жашоо – турмуш көп кырдуу, чыныгы материал берет. Баланын келечек жашоосу үчүн оюндар из калтырып жана белгилүү ченде анын инсандык калыптануусуна көмөктөш болот. Мектеп жашына чейинки курактагы баланын оюн ишмердүүлүгүнүн психологиялык тараптарын ачуу менен, К.Ушинский баланын элестетүүсүнүн өнүгүшүнө оюндардын таасири чоң экендигин көрсөткөн.

**Корутунду.** Макаланын темасы актуалдуу жана өнүктүрүлүп келе жаткан тема экендигине ынандым. Улуу ойчулдардын, педагогдордун да мектеп жашына чейинки балдарды оюн аркылуу туура тарбиялоонун зарылдыгы жөнүндө,алардын тарбиясы баланын кийинки өнүгүүсүнүн маанилүү этабы экендигин тастыктаган.Ошондой эле балдардын теориялык билимдери, оюндар менен коштолуп жүрө тургандыгын Ош шаарынын “Жеткинчек” балдар бакчасынын иштеринен көрө алдык. Тарбиячылардын иш пландарында да оюндар кеңири берилген. Мына ошондуктан окуу жай менен балдар бакчасынын ортосунда илимий практикалык иштерди биргеликте жүргүзүү сунуш кылынат. Оюндар-балдардын сүйүктүү жана негизги иши болуп, алардын өнүп өсүүсүнө багыт берет. Оюндар аркылуу көп учурда татаал нерселер балдар үчүн жеткилең, түшүнүктүү болот. Балдардын жашоого болгон кызыгуусун арттырууга, жан дүйнөсүнө үңүлүп кирүүгө, сезимине жакшы элестерди калтырууга таасирин берет. Бала ойноп жатып таалим-тарбия алуу менен бирге акыл-эстүүлүккө, эсептөөгө, салыштырууга, ойлоп табууга, мейкиндикке багыт алууга, тез чечим кабыл алууга, байкагыч-баамчылдыкка, кыраакылыкка, туруктуулукка, тапкычтыкка, айлакердикке, ийкемдүүлүккө, шамдагай-шайырлыкка, токтоолукка, эрктүүлүккө, тыкандыкка, патриоттуулукка, эмгекчилдикке, ой жүгүртө билүүгө, эске тута билүүгө, эстетикалык тарбия алууга, турмушка даяр болот жана андан ары билим алуусуна жана башка сапаттарга ар тараптан өнүктүрөт. Анткени, окуу процессинде өздөштүрүүгө кыйын болгон нерсени оюн учурунда оңой эле өздөштүрүп алууга жөндөмдүүлүктөрү артат. Оюнду ойноо менен балдар практикалык ишмердүүлүккө көнүгүшүп, ден соолуктарын чыңдашып, өз алдынча аракет жасоого үйрөнүшөт деп эсептейм.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. “Инсанга багыттап окутуунун технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери”. - Бишкек, 2011. - 340-бет.
2. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. - Бишкек, 2001. - 40-б.
3. Коменский Я.А. Избранные педагогические сочинения. - М., 1982. - 223-б.
4. Иманкулова С.Э. Дидактикалык оюндар – окутуунун негизги каражаты катары (Текст). / Иманкулова С.Э. / Вестник КГУ им.И.Арабаева. - Б., 2010. - №3. - 83-85-бб.
5. Анаркулов Х.Н. Кыргыз эл оюндары. - Б., 1991. - 6-7-бб.
6. Токторбаев С. Өспүрүмдөр оюндары. - Б., 1991. - 4-б.